## КЕЛЕЧЕКТИ КУРАБЫЗ!

**Каттоо жөнүндө көбүрөөк маалымат –**
**STRANA2020.RU сайтында**


Кошумча маалымат
БКК медиаофиси
E-mail: media@strana2020.ru
Тел.: +7 (495) 933-31-94

Кыргыз Республикасы Элчилигинин
байланыш маалыматы
+7 (499) 237-44-52
+7 (499) 237-48-82
+7 (499) 237-46-01
E-mail: kgembassy.ru@mfa.gov.kg

Оруссиянын Мигранттар федерациясынын колл-борборунун РФ
миграция жана эмгек мыйзамдары маселелери боюнча консультациялары:
+7 (901) 578-32-88
+7 (963) 997-42-10
+7 (926) 130-75-00
E-mail: info@fmr-onine.ru




ВСЕРОССИЙСКАЯ
ПЕРЕПИСЬ
НАСЕЛЕНИЯ

# 2021-ЖЫЛДА ӨТӨ ТУРГАН БҮТКҮЛ ОРУСИЯЛЫК КАЛКТЫ КАТТОО ТУУРАЛУУ 7 БАШКЫ СУРОО

Урматтуу Кыргыз Республикасынын жарандары!

2021-жылда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө калкты каттоонун кезектеги раунду өтөт. Орусия да ага катышат. Бүткүл орусиялык калкты каттоо 2021-жылдын күзүндө өткөрүлөт.

Бул баракча, калкты каттоонун негизги суроолоруна жооп берет.

## КАЛКТЫ КАТТОО ДЕГЕН ЭМНЕ?

Бүткүл орусиялык калкты каттоо – бул 2021-жылдын 1- октябрине карата абал боюнча өлкөнүн аймагында жайгашкан бүткүл калкты, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарды каттоо.

## КАЛКТЫ КАТТОО КАЧАН ӨТӨТ?

**Калкты каттоо 2021-жылдын 15-октябринен 14-ноябрине чейин өтөт.** Ага төмөнкү үч ыкманын бири аркылуу катышууга болот: каттоочунун суроолоруна жооп берүү; каттоо барагын интернетте өз алдынча толтуруу; же стационардык каттоо участогуна баруу.

| | |
|---|---|
| GOSUSLUGI.RU ПОРТЫНДА КАЛКТЫ КАТТОО | 15-ОКТЯБРИНЕН 08-НОЯБРИНЕ |
| КАТТООЧУЛАРДЫН ИШИ | 15-ОКТЯБРИНЕН 14-НОЯБРИНЕ |
| СТАЦИОНАРДЫК КАТТОО УЧАСТОКТОРУНУН ИШИ | 15-ОКТЯБРИНЕН 08-НОЯБРИНЕ |

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАР КАТТАЛАТ БЕЛЕ?

Орусиядагы чет өлкөлүк жарандар эки учурда калкты каттоого катышат:

**Орусиянын туруктуу жашоочулары катары:**

• эгер алар Орусияга 12 айга же андан ашык мөөнөткө келген болсо;

• эгер алар баш калка издеп Орусияга барган болсо;

• эгер алар Орусияда болуп, башка туруктуу жашаган жери болбосо.

**Орусияда убактылуу жүргөн башка өлкөлөрдүн тургундары катары:**

• эгер алар Орусияга окууга же ишке 12 айдан аз мөөнөткө келген болсо;

• эгер алардын башка өлкөдө туруктуу жашоо орду болсо жана алар 1-октябрге караган түнү Орусияда эс алуу, дарылоо, конокко баруу, транзит менен өтүү жана башка максатта болгон болсо.

**Каттоо үчүн, адам өлкөнүн аймагында болууга укуктуу же жок экени маанилүү эмес.**

## КАТТОО УЧУРУНДА ЭМНЕ СУРАШАТ?

Каттоонун жүрүшүндө ээси көрсөтүлбөгөн маалыматтар гана чогултулат. Ысымдар, фамилиялар, даректер каттоо барактарына киргизилбейт.
Каттоочу жоопторду сиздин айткан сөзүңүз боюнча жазат. Аларды документтер менен тастыктоо талап кылынбайт.
Каттоо коопсуз жана жашыруун болуп саналат! Чогултулган маалыматтар жыйынтыкталган жыйынтыктарды алуу үчүн гана колдонулат.

**Орусиянын туруктуу тургундарына тиешелүү адамдар үчүн - 25 суроодон тура турган толук каттоо баракчасы**

**Орусияда убактылуу жашаган башка өлкөлөрдүн тургундару үчүн - 7 суроодон тура турган кыскартылган форма:**

1. жынысы
2. туулган жылы
3. туруктуу жашоо өлкөсү
4. Орусияга баруунун максаты
5. Орусияда жашоо узактыгы
6. туулган өлкөсү
7. жарандыгы




## КАТТООЧУНУ КАНТИП ТАПСАМ БОЛОТ?

Каттоочуну ошентип табууга болот:

- паспорт менен бирге көрсөтүлчү күбөлүк боюнча;
- каттоо символикасы бар көк жилет менен шарф боюнча;
- Росстат жазуусу бар портфель жана электрондук каттоо баракчалары бар планшет боюнча.

## КАТТООЧУ МЕНЕН ЖОЛУГУШПАЙ ТУРУП, КАТТОГО КАТЫШСАМ БОЛОБУ?

Эгер сиз каттоочунун суроолоруна жооп берүүнү каалабасаңыз, Gosuslugi.ru порталында өз алдынча катталсаңыз болот. Бул үчүн, бул порталда каттоодон өтүү керек.
**Каттоо барагындагы суроолорго жооп берүү менен, сиз каттоого катышууну ырастоо кодун аласыз. Аны каттоочуга көрсөтүш керек болот**

## КАТТООГО ЭМНЕ ҮЧҮН КАТЫШУУ КЕРЕК?

Калкты каттоо маалыматтары - ар бир өлкөнүн экономикасын, социалдык чөйрөсүн жана эмгек рыногун өнүктүрүүнүн негизи. Сиздин каттоого катышууңуз - чоң жалпы ишке салым, ошондой эле жашооңуз менен айланадагы чөйрөнү жакшыртууга жана өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк болуп саналат.